УДК: 070

**МУРАТБЕКОВА Ж. М**
**MURATBEKOVA J.M**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**ХАЛИЛОВ А.Д**
**HALILOV A.D**
*J.Balasagyn KNU*

# КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫН ЧАГЫЛДЫРУУДА КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ ГЕЗИТТЕРДИН ИШМЕРДИГИ

## Деятельность кыргызскоязычных газет по освещению Всемирных игр кочевников

## Activities of Kyrgyz-language newspapers in coverage of the World Nomad Games.

***Аннотация:*** *Макалада дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жаралуу жана түптөлүү тарыхы,заманбап эрежелери жана аны кыргыз элинин кан-жанына сиңген улуттук өзгөчөлүктөрүнүн бири экендигин тастыктап көрсөтүү. Аларды дүйнө элине таратууда кыргыз тилдүү гезиттердин ишмердигине контент-анализ жасалып, жанрдык өзгөчөлүгү каралган.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются предпосылки формирования Всемирных игр кочевников как этноспортивного мероприятия международного значения, основные правила, социокультурное значение, а также проводится контент-анализ публикаций кыргызоязычных газет о Всемирных играх кочевников. Авторы статьи исследовали жанровое своеобразие, особенности в освещении отечественными СМИ этнокультурного мероприятия.*

***Abstract:*** *The article discusses the prerequisites for the formation of the World Nomad Games as an ethnosports event of international importance, the basic rules, sociocultural significance, and also analyzes the publications of Kyrgyz- language newspapers about the World Nomad Games. The author of the article investigated the genre identity, especially in the coverage of the ethnocultural event by the domestic media.*

***Урунттуу сөздөр:*** *көчмөндөр оюндары, этноспорт, ММК, басма сөз, газета, журналист.*

***Ключевые слова:*** *игры кочевников, этноспортивное мероприятие, СМИ, газеты, журналисты.*

**Key words:** nomad games,sport, mass media, newspaper, journalist.

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эли-жерин, мал-жанын ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табийгаттын татаал кырсыктарынан коргоп келген. “Орто Азияда жашаган түрк элдеринин ичинде кыргыз элинен башка эң байыркы заманда тарыхта аты аталып калган эл жок” – дейт атактуу түрколог, академик В.Бартольд. Муну менен элибиз өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою калыптанган маданиятын көөнөртпөй сактаган.

Кыргыздар эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге, ошол кездин социалдык шартына жараша оюндарды жаратышкан. Эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, жазма маданиятынын жок болгондугуна карабастан калың калктын башынан өткөргөн өмүрүнүн унутулгус элеси кылып, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактактарга белек катары сактап келген. Жоокерчилик заманындагы кыргыз элинин көчмөндүү турмушунда жылкы баласы өтө көрүнүктүү орунду ээлеп келген. Кыргыз –илгертен ат жалына казан аскан

жоокер эл. Байыркы кыргыздын: “Эңкейиште эр сайган, экини катар бир сайган” – деген атактуу баатырларынын тагдыры астында минген тулпар аттарынын мыктылыгына жараша болгон.

Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк-мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган өз оюндарын ойлоп табышкан. Ал оюндардын көпчүлүгү азыркы биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушарланган. Негизинен ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эркиндик-теңдикке умтулуусу,адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Улуттук оюндардан элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрү, терең философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүк көрүнүп турат.

Кыргыз улуттук оюндарынын коомдогу ордун аныктап, бул оюндар элибиздин кан-жанына сиңген улуттук өзгөчөлүктөрүнүн бири экендигин тастыктап көрсөтүү.

Кыргыз эли Борбордук Азияда байыркы элдердин бири болуп саналат жана илгертен бери эле азыркы Кыргызстандын аймагын мекендеп келген. Байыркы замандан бери эле кыргыз элинде ар түрдүү оюн-зооктор өнүгүп келгендиги белгилүү. Буга окумуштуулардын тарыхый, этнографиялык изилдөөлөрү, археологиялык казуу иштеринин натыйжалары, санжырачылардын, жазуучулардын маалыматтары жана эпостор менен дастандардын материалдары күбө боло алышат.

“Манас” эпосунан кыргыздардын өткөн мезгилдердеги тарыхын, маданиятын, салттарын, оюн зоокторун толугу менен кездештирүүгө болот. Баатырдык эпосто кыргыз элинин дене тарбия жана спорттук элементтери да чагылдырылган. Болгондо да өтө көркөмдөлүп, унутулуп калган оюндары менен кызыктуу сырлары, өзгөчө терминдери менен көрсөтүлгөн. Ушул себептүү кыргыздын улуттук спортунун түрлөрүнүн жана элдик оюндарынын пайда болуп жана бүгүнкү күнгө чейин өнүгүү тарыхын Манас эпосу менен байланыштырсак болот.

XIX кылымдын экинчи жарымында жана 20-кылымдын башталышында орус окумуштууларынын кыргыздар жөнүндө эмгектери жарык көрө баштаган. Бул эмгектердин бир тобунда элдик оюндар тууралуу маалыматтар чагылдырылган.

Орус саякатчы жана изилдөөчүлөрүнөн эң биринчилерден болуп энтограф С.Е.Дмитриев, зоолог Н.А.Северцов, тарыхчы В.В.Бартольд, түркolog В.В.Радлов, окумуштуу Ч.Валиханов болгон. Аталган окумуштуулардын дене тарбия боюнча атайын адистиги болбосо да, өздөрү изилдеген маселелер менен бирге кыргыздын ар кандай оюн-зоокторун көргөндүктөн өз маалыматтарында жазып калтырышкан.

Совет доорундагы артыкчылык катары ал учурда басма сөздө жарыяланган ар бир материал окурмандар тарабынан баа берилсе, тиешелүү тараптын өкүлдөрү басма сөздө жарыяланган ар бир сунушка жана сын-пикирге олуттуу карашкан. Мисалы ошол кездерде басма сөздө жарыяланган бир катар макалаларга Кыргыз ССР Министрлер советинин алдындагы дене тарбия жана спорт комитетинин председатели Дөлөн Өмүрзаков төмөндөгүчө жооп бергенин көрүүгө болот. “Көпчүлүк жолдоштор улуттук оюндарды терең изилдөө, алардын түрлөрүн тандоо, коомдук шартка ылайыктоо, жаштардын ден соолугун чыңдоого пайдалана билүү, советтик маданият менен айкалыштыруу туурасында туура пикирлерди айтышат. Ошондой эле улуттук оюндардын түрлөрүн иштеп чыгып, аларды массанын арасына кеңири жайылтып, спорттун классикалык түрлөрү катары пайдалана билүү республикабызда дене тарбия жана спорт ишинин мындан ары жанданышына өз салымын кошмокчу”.

Советтик доордо улуттук оюндар боюнча бир гана гезит кабарчылары эле эмес окурмандар да кайдыгер эместиктерин, аларды сактап калуу зарыл экендигин, жакшы көңүл бурулбай калгандыгына кайдыгер карай албастыгын айтып сындык мүнөздө кат жолдогон окурмандын каттарына да гезит беттеринен орун берилген. “60-жылдарга чейин той берген үй

көк бөрү, эңиш, кыз куумай, чүкө атуу, жорго салуу сыяктуу улуттук оюндарды өткөрүүчү. Алар элдин канына сиңип калган, ошондой оюн болот дегенде бир жума күтчүбүз. Бул оюндардын бир тобун көрдүк, эч кандай жаңжалсыз тынч эле өткөрүлүүчү. Ал эми 1970-жылдан бери улуттук салттуу оюндарыбыз жоголуп кетти. Муну өткөрүүгө райондук жана жергиликтүү жетекчилер уруксаат бербей койду. Мына өмүр бою ат минип ойноп келген кыргыз жигиттери азыр ат токууну билишпейт. Атка минсе сол жагынан минип күлкү болот. Менин оюмча той-тамашаларда, белгилүү даталарда илгери унутулуп кеткен оюндарды издеп жаңыртып, колхоздордун, совхоздордун алдында атайын коомдорун уюштуруп, алардын мүчөлөрүн тактап, машыгуу иштерин өткөрүп, колхоз-совхоздор аралык, райондук, облустук жарыштарды уюштурса жакшы болмок.”Жөн гана маалыматтар берилбестен аудитория оюн коомчулукка берилген.

Кыргызстан эгемен мамлекет болгондон баштап улуттук оюндарга болгон мамиле өзгөрдү. Мамлекетибиз да бир канча тоскоолдуктардан соң өнүгүү жолуна түшүп келген сыңары оюндарыбыз да адегенде бытыранды өнүксө, акыркы жылдары улуттук оюндарга жасалган мамиле бир кыйла жакшырды. Буга өлкөбүздө үч ирет өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары мисал боло алат. ММКда улуттук оюндар боюнча байма-бай маалымат берүү башталды.Учурда болуп өткөн мелдештер, спортчулар, оюндар тууралуу маалыматтар интернетте, теледе, басма сөздө басым жасала баштады. Кыргыз улуттук оюндарын чагыдырууда, аларга болгон кызыгууну арттырууда жана аларды пропагандалоодо коомдук ата мекендик ММКнын бараандуу орду бар экени талашсыз.

2012-жылы Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын, Казахстан Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Түркия Республикасынын катышуусу менен өткөрүлгөн түрк тилдүү өлкө башчыларынын саммитинде Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын Кыргыз Республикасында өткөрүү тууралуу чечим кабыл алынып, Бишкек шаарында декларацияга кол коюлган. Биринчи ДКО 2014-жылдын 9-сентябрында саат 20:00до Президент тарабынан ачык деп жарыяланган. Бул иш чарада этноспорттун 10 түрү боюнча спорттук мелдештер болуп өткөн. Биринчи оюнда 250дөн ашык ММК өкүлү чагылдырууга катышкан. 230 млн аудиторияны камтыган.Кеңири спортук жана маданий программа менен коштолгон уникалдуу долбоордун 2016-жылы өткөн иш-чарасын салтанаттуу жабылыш аземин түз эфир аркылуу МИР, РТР Планета, TRT Avaz, TRT sport, Казспорт, КТРК, КТРК Спорт, КТРК Маданият, ЭлТР, НТС, Пирамида сыяктуу телеканалдар жана бардык облустук телеканалдар көрсөткөн. Бир жума бою оюн алкагында өтүп жаткан спорттук жана маданий-массалык иш-чараларды ММКнын 650дөн ашык өкүлү, ошондой эле ондогон блогерлер интернет баракчаларында бөлүшкөн. 36 өлкөдөн 90 дон ашуун чет өлкөнүн ММК өкүлү аккредитациядан өтүп, иш чарага катышкан.

Жылдан жылга Оюндардын дүйнөлүк массага тарап бара жатканын белгилүү. Үчүнчү оюндарды чагылдыруу үчүн дүйнөнүн 58 өлкөсүнөн 500дөн ашуун ЖМК өкүлдөрү келген. 500 ЖМКнын ичинде 250сү Кыргызстандыкы, ал эми чет өлкөлүктөрдүн катарында New York times, Associated press дүйнөлүк маалымат агенттиктери, CCTV, “Евро-Ньюс” жана Россиянын бир топ телеканалдары иш алып барган. Көчмөндөр оюндарын мындай чоң массага жайылтууда, белгилүү болушуна ММКнын таасири чоң.

Спорттук окуялар, өзгөчө чоң масштабта өткөн мелдештер өлкөнүн сырткы имиджин жакшыртуу же арттыруу үчүн эң мыкты бир көрүнүш катары карасак болот. Андан сырткары эки негизги себебин бөлүп карасак болот.

Биринчиси бул экономикалык жактан кеткен каражаттар. Бирок алардын негизинде стадиондор, спорттук объекттер салынып жана жергиликтүү калкты иш менен менен камсыз кылуу орун алат.Экинчиси улуттук жана жергиликтүү туризмди өнүктүрүүдө, башка өлкөгө таанытууда кызмат кылат. Бул милдеттерди аткарууда ММК нын, анын ичинде басма сөздүн таасирин карайлы.

Үчүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары да Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусуна караштуу Чолпон-Ата шаарында 2018-жылдын 2-сентябрдан тартып 8-сентябрга чейин өткөрүлгөн.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары адамга берилген цивилизациялык мурас катары, этноспорт жана этномаданиятты өнүктүрүүгө багытталган.Бул багыттарды чагылдыруу да "Кыргыз Туусу" гезити жогорку деңгээлде иш алып барган.

Гезит этномаданиятты чагылдыруу максатында "Кырчын күндөлүгүнөн" аттуу рубрикасынын негизинде эки чыгарылышында Кырчын жайлоосундагы көрүнүштөрдү баяндаган. Анда "Кыргыз маданиятын тааныткан кыз-келиндер", "Кыргыздын кыраан куштары", "Бутага мелженген жебелер", "Томпойлору торпоктой", "Таза кандуу тайгандар", "Ырчысы болбой эл болбойт", "Дүйнөлүк көчмөндөрдүн ашканасы " ж.б темадагы материалдардын орун алгандыгын көрүүгө болот.

Жарыяланган материалдар жанры боюнча ар түрдүү. Кеңейтилген информациядан тартып, окуяга ар тараптуу анализ жасалган проблемалык макалалар да берилген. Мындай материалдарды жарыялоо менен газета, дүйнөлүк деңгээлде уюштурулган иш чаранын жүрүшүн окурманга бир тараптуу баяндап берүү менен гана чектелбестен, көчмөндөр оюндарынын эл аралык деңгээлдеги маани-маңызын ачып берүү менен аны уюштуруу деңгээли, ийгиликтери жана айрым мүчүлүштүктөр да белгиленген. Газетанын окуяны чагылдыруудагы мындай мамилеси, анын иш чарага калыс, адилет баа берүүгө жасаган аракети деп түшүнүүгө болот. Гезиттин бул аракети өз максатына толук жеткен деп айтууга негиз бар.

ЖМК спорттук иш чараларды коомчулукка берүүдөгү бирден бир фактор. Демек, бүткүл дүйнөгө таратып жаткан журналисттер тууралуу "Дүйнөлүк оюндарды дүңгүрөткөн журналисттер", "Чет өлкөлүк журналисттердин көзү менен" аталышындагы репортаждар гезит бетинен орун алган. Ал эми талыкпай көмөк көрсөткөн ыктыярчыларга "Кыргызстандын колун узарткан-ыктыярчылар" аталышындагы кыска маалымат даярдалган. Андан сырткары ким, канча медаль менен алдыңкы орунда келе жатканы жөнүндө кыска кабарлар орун алган.

Натыйжада "Кыргыз Туусу" ар бир тармакты көз жаздымда калтырбай талаптагыдай деңгээлде чагылдырганын байкоого болот.

Жыйынтыктап айтканда, басма сөз беттеринде Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын этностор жана элдер арасындагы этномаданияттын нускалыгын сактоо менен аны жандандырып, өркүндөтүүдө кеңири элге жеткирүүчү курал катары карасак өз милдетин туура аткара алды деп айтууга негиз бар. Ага далил катары "Кыргыз Туусу" гезитинин ишмердүүлүгүн айтууга болот.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Бектенов З. Кыргыздын элдик оюндары, Фрунзе, 1978.
2. Макешов К. Дене тарбия жана спорт энциклопедиясы, Бишкек, 2001.
3. Родиченко В.С. Книга олимпийских знаний. – М.: Советский спорт, 2004.
4. Кыргыз Туусу гезити №71(24268), №70 (24247), №69 (24266), №68 (24265), №67 (24264).
5. http://kyrgyztuusu.kg/
6. http://worldnomadgames.com/kg/page/DKO-zhonundo-37/



***Рецензенттер: Акматова В.С . -** филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору.*